«Макулдашылды»
Ак- Суу райондук билим
Берүү бөлүмүнүн башчысы:
__________ Жапаров А.Д
«____»__________2022-жыл

«Макулдашылды»
Ак-Чий айыл өкмөтүнүн
башчысы:
__________ Асакеев Р.
«____»__________2022-жыл

«Бекитемин»
Кызыл-Кыя жалпы орто
билим берүү мектебинин директору:
__________ Карабаева А.Р.
«____»__________2022-жыл

## Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл областындагы Ак-Суу районуна караштуу Кызыл-Кыя жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023-окуу жылына карата түзүлгөн .

# ОКУУ ПЛАНЫ

2022-2023-окуу жылы.
Советское айылы.

«Макулдашылды»
Ак- Суу райондук билим
Берүү бөлүмүнүн башчысы:
Жапаров А.Д
«____»________2022-жыл

«Макулдашылды»
Ак-Чий айыл өкмөтүнүн
башчысы
Асакеев Р.
«____»________2022-жыл

«Бекитемин»
Кызыл-Кыя жалпы орто
билим берүү мектебинин директору:
КарабаеваА.Р.
«____»________2022-жыл

# Кызыл-Кыя орто мектебинин 2022-2023-окуу жылы үчүн кабыл алынган окуу планы.

| Мамлекеттик компоненти | № | Сабактардын аталышы | 1 кл | 2 кл | 3 кл | 4 кл | 5а кл | 5б кл | 6 кл | 7 кл | 8 кл | 9 кл | 10 кл | 11 кл |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | филология | Кыргыз тили жана окуу | 6 | 7 | 7 | 7 | | | | | | | | |
| | | Кыргыз тили | | | | | 4 | 4 | 4 | 3 | 3 | 2 | 2 | 3 |
| | | Орус тили | 3 | 3 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | 2 | 2 |
| | | Чет тили | | | 2 | 2 | 4 | 4 | 3 | 3 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Кыргыз адабияты | | | | | 2 | 2 | 2 | 3 | 2 | 3 | 3 | 3 |
| | | Орус адабияты | | | | | 1 | 1 | 1 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Социалдык | тарыхы | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Адам жана коом | | | | | 1 | 1 | 1 | | | 1 | 1 | 1 |
| | | Диндердин өнүгүү тарыхы | | | | | | | | | | 1 | | |
| | Математика | Математика | 4 | 5 | 5 | 5 | 4 | 4 | 4 | | | | | |
| | | Алгебра | | | | | | | | 3 | 2 | 3 | 2 | 3 |
| | | Геометрия | | | | | | | | 1 | 2 | 1 | 2 | 1 |
| | Табийгый илимдер | Мен жана дүйнө Табият таануу | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 | | | | | | |
| | | Биология | | | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | | География | | | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 | 1 | 1 |
| | | Физика Астрономия | | | | | | | | 2 | 2 | 2 | 3 | 3 |
| | | Химия | | | | | | | | | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | Технология жана Искусство. | Информатика | | | | | 1 | 1 | 1 | 1 | 2 | 1 | | |
| | | Технология (эмгек,чийме жана дизайын) | | | | | 1 | 1 | 1 | 0/1 | 1 | 1 | | |
| | | Корком онор | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 0/1 | | | | |
| | | Музыка | 2 | 2 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | | | | |
| | Ден соолук маданияты | Дене тарбиясы | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 |
| | | Аскерге чейинки даярдык | | | | | | | | | | | 2 | 2 |
| | | Мектеп компонент: ( Матем) | | | | | 1 | 1 | | | 1 | 1 | | |
| Баардыгы | | | 21 | 23 | 23 | 23 | 28 | 28 | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 30 |
| Эмгек практикасы | | | | | | | 6 | 6 | 6 | 6 | 10 | | 12 | |

**Ак-Суу районуна караштуу Кызыл-Кыя жалпы орто билим берүү мектеби 2021-2022-окуу жылы учун Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022 -жылдын 5-августу, № 1529/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдун Базистик окуу планынын негизинде кабыл алынды.**

## *ТҮШҮНҮК КАТ*

**Кызыл-Кыя жалпы орто билим берүү мектебинин 2022-2023- окуу жылына базистик окуу планына түшүндүрмө кат.**

2022-2023-окуу жылдын Базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мызамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин « Инсандын руханий –адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбия жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы№393 «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин Мамлекттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» токтомуна , жана Мамлекеттик компонент окуу планынын базалык бөлүгүн түзөт жана Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыз кылат, ведомстволук таандыктыгына карабастан бардык типтеги жана түрдөгү жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн милдеттүү жана өзгөртүү киргизүүгө болбойт. Мамлекеттик компонент окуучулардын базалык деңгээлдеги жалпы билим берүүчү сабактар боюнча билим алуусуна кепилдик берет, активдүү турмуштук көз карашы бар инсанды калыптандыруу, өнүктүрүү үчүн аларды улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга кызыктырат. Негизги жалпы билим берүү программалардын, башталгыч жалпы, негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнү өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтүн кыскартуу, ошондой эле мамлекеттик компоненттеги белгилүү бир предметтер үчүн бөлүнгөн сааттын эсебинен башка предметтерди окутууга жол берилбейт.

Эрте курактагы мектепке чейинки уюмдарга барбаган балдар, алардын мектепте окууга психологиялык-педагогикалык даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу үчүн жана андан ары социалдык жактан адаптацияланышынын алдын алуу максатында 480 сааттык “Наристе” программасы боюнча окутулат.

Министрлик тарабынан Мамлекеттик билим берүү стандартынын (2014-жыл) иш-чараларды ишке ашыруу боюнча планына ылайык Базистик окуу планын этап-этабы оптималдаштыруу иштери менен жүргүзүлүп жаткандыгын эске алуу менен, предметтик стандарттар, окуу программалар окуучулардын негизги жана окуу компетенттүүлүктөрүн өздөштүрүүсүнө багытталып, 2022-2023-окуу жылына карата Базистик окуу планына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилди.

1. **1-4-класстарда«Мен жана дүйнө» предмети «Турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери предметтери »жана «Адеп» предметтери менен интеграцияланган предмети жумасына 2 саат окутулат**

**2. 5-6-класстардын окуучулары жаңы предметтик стандарттар жаңы окуу программалар жана окуу-методикалык комплекстер боюнча билим алышат.**

**1. 5-6-класстарда:**

**– турмуш-тиричиликтин коопсуздугунун негиздери, этика боюнча темалар камтылган, интеграцияланган, “Адам жана коом” предмети окутулат;**

**– “Информатика” предмети жаңыдан жумасына бир саат менен киргизилет;**

**– “Технология” предмети жумасына бир саат менен киргизилет;**

**2. 5-6-класстарда “Кыргызстандын тарыхы жана дүйнөлүк тарых” интеграцияланган курсу;**

**– 5-класста чет тилди окутууга бөлүнгөн саат жумасына төрт саат;**

**-6-7- класстарда чет тилди окутууга 3 саат;**

**-3-4-8-11-класстарда чет тилди окутууга 2 сааттан бөлүнгөн**

**-1-2-класстарда музыка предмети 2 сааттан;**

**-3-7-класстарда музыка предмети жумасына 1 сааттан бөлүнгөн**

**– 5-6-класстарда “Көркөм-сүрөт чыгармачылык” жана “Музыка” предметтери жаңы предметтик стандарт, жаңы окуу программалары жана окуу-методикалык комплекстер боюнча жүргүзүлөт.**

3. **7-11-класстарда “Алгебра” жана “Геометрия” предметтери бекитилген сааттарга ылайык өзүнчө окутулат.**

4. **9-класста «Тарых» предметини бир сааты «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметине өткөрүлдү. Бул предметти тарых мугалимдери милдеттендирилди**
5. **Келечекте жаңы предметтик стандарттарга өтүү жана 2022-2023-окуу жылында 1-11-класстар жуманын 5 күндүк окуусуна өткөндүгүн эске алуу менен 5-класста чет тили, 4-класста математика сабактары боюнча сааттардын саны бир саатка кыскартылды.**
6. **Чет тилин окутуу 3-11-класстарда жүргүзүлөт. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде чет тилин үйрөнүүгө 5-класста жумасына 4 саат, 6-класста – 4 саат, калган класстарда 2 сааттан бөлүнгөн.**

“Тарых” предмети 5-11-класстарда окуу программасына ылайык, “дүйнолук тарых жана Кыргызстан тарыхы” курстары кезектешип, бирдиктүү предмет катары окутулат. 5-6-класстарда “Тарых” предмети боюнча сабактар предметтик стандартка, 7-11-класстарда, колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык, жумасына 2 саат окутулат. 9-класста 1саат окутулат. Журналдарга “Тарых” деген бирдиктуу аталыш менен жазылат.

5-6-класстарда”Адам жана коом” предмети концентрикалык принциптин негизинде ишке ашырылат, мында мазмун линиясы үч контекстте: инсандык (окуучу өзү, анын үй-бүлөсү, достору), социалдык (жергиликтүү социалдык чөйрөгө), глобалдык (дүйнөлүк коомчулуктун жашоосуна катышуу) ачылып берилет.

Аталган предмет окуучуларды Кыргыз Республикасында жашаган ар түрдүү элдердин социалдык жана маданий-турмуш-тиричилик салттары менен тааныштырат. 9-11 класстардагы «Адеп», «Экономикага киришүү» жана «Адам жана коом» предметтери бир курска бириктирилген.

**« Мен жана дүйнө” предмети 1-4-класстарда окутулуп,** 5-класста “Табият таануу” предметин жумасына 1 саат окутуу менен аяктайт. “ Мен жана дүйнө ” предмети башталгыч класстардын окуучуларын Кыргыз Республикасында жашаган ар түрдүү элдердин руханий маданияты жана курчап турган дүйнө менен тааныштырат.

5-класстагы “Адам жана коом” интеграцияланган курсу өзүнө курчап турган дүйнөдөгү кубулуштар жөнүндөгү материалдарды камтып, мектеп окуучуларын мектептик билим берүүдөгү табигый изилдөө сабактардын II жана III баскычтарын окуп үйрөнүүгө даярдайт.

7-9 класстарда «Физика» предметин окутууга жумасына 2 саат бөлүнгөн.

Адабият сабагы 5-6, 7-11-класстарда мурда бекитилген предметтик стандарттар, окуу программалары жана окуу китептерине ылайык окутулат. “Кыргыз адабияты” жана “Орус адабияты” сабактары бардык класстарда экинчи адабият катары мурда бекитилген стандарттар жана окуу программаларына ылайык окутулат.

**7-класста «Технология » сабагы 1-жарым жылдыкта , ал эми «Көркөм өнөр» 2-жарым жылдыкта окутулат жумасына 1 сааат**

“Технология” предметин окутуу 8-9-класстарда буга чейинки жылдардын окуу программасы боюнча ишке ашырылат. “Информатика” предметин окуп-үйрөнүү негизги компьтердик технологиялардын калыптанышына алып келет.

**1-6-класстарда “Көркөм-сүрөт чыгармачылык” жана “Музыка” предметтери окулат. “Көркөм-сүрөт чыгармачылык” жана “Музыка” предметтери 1-2-класста 2сааттан 3-4 жана 7-класстарда учурдагы окуу программаларынын жана мурда чыккан окуу китептеринин негизинде окутулат.**

8-9-класстарда “Эмгекке үйрөтүү” жана “Чийме” сабактары “Технология” предмети болуп интеграцияланып, жумасына 1 сааттан окутулат. Башталгыч класстарда “Эмгекке үйрөтүү” сабагына саат каралган эмес.

**Жалпы билим берүүчү уюмдар мектептик компонентти окуп-үйрөнүүнү ишке ашырууга милдеттүү жана өзгөртүүгө жатпайт. 5-класска 1 саат. 8-класска 1 саат 10-класста 1саат мектептик компонентин ата-энелер менен макулдашып математика сабагына тандап алдык.**

11-класстын өспүрүм-окуучулары “Аскерге чакырууга чейинки даярдоо” предмети боюнча апрель-май айларында окуу-талааларына үч күн (18 саат) чыгышат, ал эми окуучу-кыздар үчүн дарылоо мекемелеринде медициналык-санитардык даярдык боюнча практикалык сабактар (18 саат) өтүлөт.

Жалпы билим берүү уюмдарында, менчигинин тибине жана формасына карабастан, сабактар 2022-жылдын 1-сентябрында башталып, 2023-жылдын 25-майында аяктайт. Окуу жылынын созулушу, каникул мезгилдерин эсепке албаганда, төмөндөгүдөй болот: 1-класста — 33 жума, 2-8-10-класстарда — 34 жума, 9-11-класстарда мамлекеттик сынактарды тапшыруу мезгилди эске алуу менен — 34 жумадан 36 жумага чейин.

Каникул мезгили, беш күндүк окуу жумасын эске алганда 30 календардык күн.

**Каникул графиги:**

**Күзгү каникул — 7 күн: 2022-жылдын 31-октябрынан 6-ноябрына чейин, сабак 2022-жылдын**

**9-ноябрынан башталат.**

**Кышкы каникул — 12 күн, 2022-жылдын 30-декабрынан 2023-жылдын 10-январына чейин, сабак — 2023-жылдын 11-январынан башталат.**

**Жазгы каникул — 10 күн, 2023-жылдын 20-29-марты, сабак 2023-жылдын 30-мартында башталат.**

**1-класстардын окуучулары үчүн III чейректе кошумча апталык каникул күндөрү берилет. Сабактын узактыгы: 1-класстарда – 40 мүнөт, 2-11-класстарда — 45 мүнөт.**

Мугалимдин эмгек акысы каникул учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-майындагы № 270 “Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтомунун негизинде сакталат.

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген, анын “Билим берүү процессинин режимине коюлуучу гигиеналык талаптар” аттуу 11-бөлүмүндөгү санитардык-эпидемиялык эрежелер жана нормалар тууралуу сунуштарга о.э. окуу-тарбиялык процесстерди уюштурууга ылайык:

- Окуу сабактары 8.00дө башталат.
- Эки мөөнөттө иштеген жалпы билим берүүчү мектептерде 1-, 5-, 9-, 11-класстарда жана компенсацияланып окутулган класстарда сабак биринчи сменада уюштурулушу керек.
- “Үй тапшырмалардын көлөмү (бардык предметтер боюнча) аларды аткарууга төмөндө белгиленген нормалардан (астрономиялык саат) жогору болбошу керек: 2-3-класстарда — 1,5 саат, 4-5-класстарда — 2 саат, 6-8-класстарда — 2,5 саат, 9 -11 класстарда — 3,5 саатка чейин».

Сабактардын жүгүртмөсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомунун “Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиялык талаптарынын» № 6 тиркемесинин 164, 165, 166, 167, 168, 169 пункттарына ылайык түзүлөт.

Ар бир класстагы окуу жүктөмдүн жогорку чеги максималдуу мүмкүн болгон жүктөм деп эсептелет жана өзгөртүүгө жатпайт.

«Макулдашылды»
Ак- Суу райондук билим
Берүү бөлүмүнүн башчысы:
________________Жапаров А.Д
« ____»_______________2022-жыл

«Макулдашылды»
Ак-Чий айыл өкмөтүнүн
башчысы
________________Асакеев Р.
« ____»_______________2022-жыл

«Бекитемин»»
Кызыл-Кыя жалпы орто
билим берүү мектебинин директору:
________КарабаеваА.Р.
« ____»_______________2022-жыл

## Учебный план общеобразовательных организаций на 2022-2023 учебный год

**Наименование организаций** Общий общеобразовательная школа Кызыл-Кыя

**Местонахождение** с Советское ул. Сартбая №60

| Класс | Класс комплект | Часы урочной работы в неделю, час | | | Часы подготовительной работы в неделю, час | Часы внеурочной работы в неделю, час | Всего |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | по базисному учебному плану, час | деление на подгруппы, час | Итого | | | |
| 1 класс | 1 | 21 | | 21 | | | |
| 2 класс | 1 | 23 | | 23 | | | |
| 3 класс | 1 | 23 | | 23 | | | |
| 4.класс | 2 | 23 | | 23 | | | |
| **Итого 1-4 классов** | **5** | **90** | **0** | **90** | | | |
| 5 класс | 2 | 56 | | 56 | | | |
| 6 класс | 1 | 29 | | 29 | | | |
| 7 класс | 1 | 30 | | 30 | | | |
| 8 класс | 1 | 30 | | 30 | | | |
| 9 класс | 1 | 30 | | 30 | | | |
| **Итого 5-9 классов** | **6** | **175** | **0** | **175** | | | |
| 10 класс | 1 | 30 | | 30 | | | |
| 11 класс | 1 | 30 | | 30 | | | |
| **Итого 10-11** | **2** | **60** | | **60** | | | |
| **Всего** | **12** | **325** | **0** | **325** | | | |

**Зам. директора по УВР:** **Турсунбаева Г.С.**

«Макулдашылды»
Ак- Суу райондук билим
Берүү бөлүмүнүн башчысы:
_______________ Жапаров А.Д
«____»_______________ 2022-жыл

«Макулдашылды»
Ак-Чий айыл өкмөтүнүн
башчысы:
_______________ Асакеев Р.
«____»_______________ 2022-жыл

«Бекитемин»
Кызыл-Кыя жалпы орто
билим берүү мектебинин директору:
_______________ Карабаева А.Р
«__» __09__ 2022-жыл

## Ак-Суу районундагы Кызыл-Кыя орто мектебинин

## 2022-2023 окуу жылына карата класс –комплект жөнүндө маалымат.

| Класстар | Класс-комплект | Окуучунун саны | Жумалык жалпы сааты |
|---|---|---|---|
| Даярдоо классы | 1 | 13/8 | 15 |
| 1-класс | 1 | 22/11 | 21 |
| 2-класс | 1 | 17/7 | 23 |
| 3-класс | 1 | 15/9 | 23 |
| 4-класс | 1 | 22/12 | 23 |
| 5а-класс | 1 | 18/5 | 28 |
| 5б-класс | 1 | 17/7 | 28 |
| 6-класс | 1 | 17/9 | 29 |
| 7-класс | 1 | 15/6 | 30 |
| 8-класс | 1 | 16/7 | 30 |
| 9-класс | 1 | 19/9 | 30 |
| 10-класс | 1 | 13/6 | 30 |
| 11-класс | 1 | 14/4 | 30 |
| Баардыгы | 12 | 205/92 | 325 |
| Даяр. ---11-кл. | 13 | 218/100 | 340 |

Тузгон мектеп завучу:_____________Турсунбаева Г.

экономист

[*окуу*]